# Батперек



Автор: Айдай Бекбоева

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Батперек

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Батперек" (кыргыз тилинде), автор Айдай Бекбоева, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Биздин үйдүн жанына жаңы кошуна көчүп келип жашап калды. Досум Канат экөөбүз адегенде алардын баласынын жоругун көрүп, күлкүбүз келчү. Ал менен биринчи сүйлөшпөй эле коёлу деп да чечтик.



Бирок бир күнү кызык окуя болду. Жекшемби күнү кошуна баласы менен короодо чыныгы батперек учуруп жатышыптыр. Бул чоң көздүү, узун куйруктуу ажыдаар экен. Ажыдаар асманга өтө бийик көтөрүлүп, канаттуу сымал учуп жүргөндөй сезилди. Дароо Канат досумду чакырдым.





Биз досум экөөбүз жакын келип, кызыгып карап туруп калдык. Баланын атасы бизди жылмайып карады. Ал “бери келгиле” дегендей белги берди.

– Карагылачы! Батперектин учуп баратканын карагыла! – деп кыйкыргым келди.

Жаңы кошуна бала менен бат эле дос болуп кеттик. Аты – Акбар экен.


ЖУРНАЛ
КАЛЬКА
КАГАЗ

Жаңы досубуз бизге батперек жасоону сунуштады. Батперек жасоо оңой эмес экен. Бул кызыктуу да, кыйын да болду.

Биринчи, керектүү төмөнкү материалдарды таап келдик:

– кагаз, журнал, гезиттер

– эски кол чатыр

– целлофан

– кездеме

– калька кагазы

Бул материалдардын дээрлик баары учууга жөндөмдүү экен. Аларды биринчи күнү эле таптык. Эски кол чатырды Канат үйүнөн алып келди. Акбар целлофан баштыктарын, эски гезит-журналдарды көтөрүп келди. Мен кесинди кездемелерди апамдан сурап алдым. Үчөөбүз сүйүнүп, батперек жасаганга кириштик. Биз баарын даярдап койдук. Бирок кеч кирип кетти. Үйлөрүбүзгө тарадык.





Уктап жатсам баягы батперек түшүмө кирди. Биз үчөөбүз чогуу кооз батперек жасап алып учуруп жүрүптүрбүз.

Экинчи күнү бизге башка да нерселер керек болду:

– желим, скотч

– кайчы


– жука жана узун металл таякчалары, бутактар, чыбыктар

– жип, аны ороочу катушка

– белгилөө үчүн маркер, фломастер, калем;

– алдын ала даярдалган үлгүсү.

Үлгү төмөнкүдөй болду:





Канат колуна кайчыны алып үлгүгө салып кести. Таякчаларды Акбар досубуз даярдады. Ар бирин түздөдү. Мен скотч менен аларды бири-бирине бекиттим. Батперек биз каалагандай чоң болду. Анын кантип учканын текшерүү гана калды.

Батперек абага көтөрүлдү. Ал асманды карай, улам бийиктей берди. Кооздоп жасаган узун куйругу менен бизге кол булгалап жаткандай сезилди.



Кандай керемет! Биз анын учканына кубанып жаттык. Батперек да бизге “мына, мен да учуп баратам” дегенсип, бирде ылдый, бирде өйдө аба жиреп каалгып жүрдү.

Үчөөбүз кыйкырып, секирип, кол булгалап, аркасынан чуркадык...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли